**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**
**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

“Улуттук дем – жаштардын келечегинин таянычы жана дүйнөлүк бийиктикке умтулуусунун башбагыты” конференциясынын

# РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

Бишкек, 13-март
2026-жыл.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде 2026-жылдын 13-мартында өткөрүлгөн илимий-тажрыйбалык конференция жогорку деңгээлде уюштурулду. Бул үңгүжол Кыргызстандын руханий, маданий жана интеллектуалдык потенциалын таануууга багытталган. Конференциянын ишинде **негизги багыттарга** өзгөчө көңүл бурулду. Алар; Кыргыз эли – тарыхый баалуулуктарды сактоо жана улуттук аң-сезимди жогорулатуу аркылуу элдин руханий биримдигин чыңдоо; Кыргыз жери – табигый байлыктарды сактоо, аймактык өнүгүүнү камсыздоо жана экологиялык туруктуулукту өнүктүрүү; Мамлекеттик тил – кыргыз тилин мамлекеттик, билим берүү жана коомдук чөйрөдө кеңири колдонуу аркылуу улуттук маданиятты жана коммуникацияны бекемдөө; Кыргыз жараны – демократиялык укуктарды жана жоопкерчиликти үйрөтүү, активдүү жана аң-сезимдүү жарандык позицияны өнүктүрүү; Таалим-тарбия, илим, билим жана маданият – билим берүү, илимий изилдөөлөр жана маданий мурастар аркылуу жаштардын интеллекти жана адамдык сапаттарын өркүндөтүү; Айлана-чөйрө, экономика жана социалдык мамилелер – туруктуу экономикалык өнүгүү, социалдык адилеттүүлүк жана экологиялык жоопкерчилик аркылуу өлкөнүн жалпы жашоо деңгээлин жогорулатуу; Дин, дене тарбия жана спорт – коомдук толеранттуулукту камсыздоо, ден соолукту чыңдоо жана спорт аркылуу улуттук биримдикти жана гармонияны бекемдөө.

Конференцияга билим берүү, тарбия, экономика, социалдык илимдер жана маданият багытындагы адистер катышты. Анда талкууланган негизги маселелер:

1. Улуттук дем – жаштардын келечегинин таянычы катары билим берүү жана тарбиянын мааниси.
2. Кыргыз тили, адабияты, тарых жана маданият аркылуу улуттук баалуулуктарды жайылтуу.

3. Экономикалык стратегиялар жана жеңил өнөр-жай продукцияларын өндүрүү менен экспорттоо мүмкүнчүлүктөрү.
4. Калктын жарандык жана мекенчилдик позициясын өнүктүрүү.
5. Социалдык байланыштарды ааламдашуу доорунда бекемдөө.
6. Улуттук баалуулуктарды сактоо жана дүйнөлүк билим берүү, илимий тажрыйба менен интеграциялоо.

**Конференция катышуучулары баяндамаларды угуп, талкуулаган соң, негизги чечимдерди жана сунуштарды беришти**

1. Улуттук дем жана патриоттук сезимди чыңдоо үчүн билим берүү программаларына жана тарбиялык иштерге инновациялык ыкмаларды киргизүү.
2. Жаштарда лидерлик, жоопкерчилик жана мекенчилдик сапаттарын өнүктүрүү.
3. Кыргыз тили жана адабияты сабактарында улуттук баалуулуктарды жана “Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик” уңгужолунун талаптарын активдүү колдонуу.
4. Экономика жана социалдык багыттагы долбоорлорду иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу, анын ичинде жеңил өнөр-жай продукцияларын экспорттоону көбөйтүү.
5. Конференция материалдарын университеттин илимий архивине жана мамлекеттик билим берүү мекемелерине сунуштоо.
6. Жогорку билим берүү жана илимий ишмердүүлүк аркылуу жаштардын дүйнөлүк деңгээлге чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.

Конференциянын катышуучулары Кыргызстандын жаштарынын билим, маданият жана патриоттук багыттагы өнүгүүсүнө салым кошууга даяр экенин ырасташты жана белгиленген сунуштарды жүзөгө ашырууну макулдашышты.

**Дареги:** Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү – 547,
Ж.Баласагын атындагы КУУ, башкы окуу
имараты, чоң жыйындар залы